**29.06.2021**
Педагогикалык кеңештин
№6 Токтому менен
“Бекитилди”

# ӨЗҮН-ӨЗҮ БААЛОО БОЮНЧА ОТЧЕТ

## №13кесиптик лицей

Комиссиянын төрагасы:
Джумагулов Айтбек Өскөналиевич – №13 кесиптик лицейдин директору ____________

Комиссиянын мүчөлөрү:

1. Арыкбаева Роза Шайлообековна – окуу- өндүрүштүк методикалык иштери боюнча директордун орун басары ____________
2. Чокоев Айдар Токтогулович - окуу тарбия иштери боюнча директордун орун басары ____________
3. Камчыбек уулу Анарбай – ага устат ____________
4. Осмонов Асылбек Каракытаевич - башкы бухгалтер ____________
5. Чокоев Айдар Токтогулович- Профком ____________
6. Кыркпайева Сакыйпа– Орус тили мугалими ____________

*( “Комиссиянын курамын бекитүү жөнүдөгү” №27 Буйрук 2021-жылдын 2-август)*

Кара-Буура району Жоон-дөбө айылы 29.06. 2021-жыл

**1.Киришүү**

№ 13 кесиптик техникалык окуу жай 1964-жылы Жоон-Дөбө айылында Айыл чарба өндүрүшү боюнча кесипке багытталып уюшулган.

1968-жылы 30-апрелде Чолпонбай Түлөбердиевдин ысымы ыйгарылган.

№13 Кесиптик лицейде кесиптик билим берүү менен кошо жалпы билим да берилет.

Окуу жай 490 окуучуга ылайыкташтырылган.Азыркы учурда кыска мөөнөттүү курстарды кошпогондо төмөндөгү кесиптер боюнча 265 анын ичинен квалификациялуу жумушчуларды даярдап жатат,анын ичинен 151 окуучу бүтүрүүчүлөр.

- ✓ Айыл чарба өндүрүшүнүн устаты (фермер); 8331 (өсүмдүк өстүрүүчү) 6111, “А’“Б” “В”категориясындагы тракторчу-машинист “С” категориясындагы айдоочу 8322 ,окуу мөнөөтү 3 жыл

Джумагулов Айтбек Өскөналиевич – окуу жайдын директору

Арыкбаева Роза Шайлообековна – директордун окуу-өндүрүштүк методикалык иштер боюнча орун басары

Тел.0550908394, Эл.дареги: proflisei13@gmail.ru

Дареги:

**инд.723905**

**Кыргыз Республикасы**

**Талас областы**

**Кара-Буура району**

**Жоон-Дөбө айылы, Осмонов көчөсү № 10**

**Эл.дарек: proflisei13@gmail.com**

| | Өзүн-өзү баалоонун критерийлери | Билим берүүчү мекемесинин анализи (өзүн өзү анализдөө) | Далилдөөчү база |
|---|---|---|---|
| **1.** | **Башкаруунун эффективдүүлүгү жана билим сапатын камсыздоо саясаты** | | |
| 1.1 | Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2014-жылдын 21-июлунда бекитилген Кыргыз Республикасынын жалпы мектептик ьилим берүүнүн мамлекеттик билим берүү стандарттарына ылайык билим берүү уюмунун ишин жөнгө салуучу билим берүү уюмунун бекитилген ички актыларынын болушу №403 (мындан ары –мамлекеттик стандарт) жана Кыргыз Республикасынын билим берүү чөйрөсүндөгү мыйзамдарына ,минималдуу талаптарга , мамлекеттик билим берүү стандартынын талаптарына ылайык келүүсүнө кызыктар тараптардын ББЖнын ички актыларында аныкталган муктаждыктар | 1. № 13-кесиптик лицей<br>- КРнын “Билим берүү”, “Башталгыч кесиптик билим берүү” Мыйзамдарына;<br>- КРнын өкмөтүнүн 2003-жылдын 25-апрелиндеги №245 Токтому менен бекитилген Башталгыч кесиптик билим берүү уюмдарынын типтүү Жобосуна;<br>- КРнын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 15-августундагы №418 Токтому менен бекитилген КРнын Билим берүү министрилигинин алдындагы Башталгыч билим берүү агенттиги жөнүндөгү Жобосуна ылайык түзүлүп, КРнын ББМнин алдындагы БКББ агенттининин 20.11.2017-жылдагы №1/289 Буйругу менен бекитилген УСТАВдын негизинде иш жүргүзөт.<br>2. КРнын ББ Жана илим Министрлиги тарабынан бекитилип, БКББ Агенттигинин Республикалык илимий-методикалык борбору менен макулдашылган типтүү окуу пландарынан негизинде сабактар өтүлөт.<br>3.Окуу жайдын ички ишмердүүлүгү окуу-методикалык жана тарбиялык иштер боюнча ар бир бөлүмгө тийиштүү жоболордун негизинде уюштурулат. | - Устав **5-тиркеме**<br>- Типтүү окуу пландары **7-тиркеме**<br>-Базистик план **8-тиркеме**<br>- Стратегиялык план **6-тиркеме**<br>- Жоболор: **11- тиркеме**<br>1. Педагогикалык кеңеш жөнүндө жобо<br>2. Методикалык иштер жөнүндө жобо<br>3. Тарбиялык иштер жөнүндө жобо<br><br>4.Камкорчулар кеңеши жөнүндө жобо |

| | | | |
|---|---|---|---|
| 1.2 | Кызыкдар тараптардын керектөөлөрүн жана күтүүлөрүн эске алуу менен билим берүүнүн сапатын камсыз кылуу саясатына ылайык билим берүү уюмунун бекитилген миссиясынын стратегиялык жана учурдагы пландарынын , иштелип чыккан жана кабыл алынган билим берүүнүн максаттарынын жана күтүлүүчү окуу натыйжаларынын болушу | 2020-2022 -жылдарга карата №13 Кесиптик лицейдин Стратегиялык өнүгүү планды түзүү боюнча жумушчу топ тузүп кабыл алуу боюнча 2020-жылдын 26-августунда №1 пед.кеңешинде каралган. Окуу жайдын педагогикалык кеңешинин жана 2020-жылдын 30-октябрында №2 Токтому менен окуу жайдын директору тарабынан бекитилип, ишке киргизилген.<br>Өнүгүү планында окуу жайдын миссиясы, максаты жана күтүлүүчү натыйжалар көрсөтүлгөн:<br><u>Окуу жайдын миссиясы:</u> Бүгүнкү күндүн эмгек рыногуна дал келген сапаттуу кесиптик билим берүү менен кесипкөй квалификациялуу кадрларды тарбиялап даярдап чыгаруу<br><br><u>Окуу жайдын негизги максаты:</u><br>1. Окуу жана тарбиялоо процессинин натыйжалуулугун жогорулатуу.<br>2. Өнөктөштөр менен байланышты өнүктүрүү менен имиджди көтөрүү.<br>3. Окуу жайдын пед.кызматкерлеринин потенциалын жогорулатуу.<br>4. Ресурстарды тартып келүү менен МТБны күчтөндүрүү. | -Стратегиялык план тиркелет **6-тиркеме**<br>-Пед.кенеш протокол тиркелет **12- тиркеме**<br>-Ата-Энелерден жана окуучулардан алынган анкетанын жыйынтыгы тиркелет **13- тиркеме** |
| 1.3 | Билим берүүнүн сапатын камсыз кылуу системасын ишке ашырууга ,контролдоого жана карап чыгууга , педагогикалык жамааттын, билим берүү уюмунун окуучулар жана кызыкдар тараптардын катышуусунун механизминин болушу (кызыктар тараптардын пикири); | №13 кесиптик лицейде билим берүүнүн сапатын камсыздоого төмөнкү катышуучулар кирет:.<br>Биринчи катышуучулар мугалим, мастерлер оз тематикалык-календарлык пландарын бекиттиришет. (пед.советтин №1 протоколу) Ал эми лицейдин | - Билим сапатын камсыз кылуу боюнча жоопту кызматкерлерге чыгарылган буйрук тиркелет **19-тиркеме**<br>- квалификациясын жогорулаткан кызматкерлердин |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | администрациясынын окуу процессин текшерип турган жетекчилиги ушул пландардын туура жана өз учурунда аткарылышын козомолдойт. Мугалим, мастерлер өз квалификациясын жогорулатууга кызыкдар болуп, окуу курстарына катышып турушат. (квалификациясын жогорулатуу курсуна барган ИПКдин тизмеси тиркелет). Лицей ичинде тажрыйба алмашуу максатында өз ара сабакка катышуу графиги бекитилип, аткарылат.<br>Экинчи тарап, студенттер оз билимдерин тест түрүндө, экзамендик сыноо түрүндө бышыктап турушат. Кесиптик билимди алып жаткан окуучулар этаптык аттестациядан өтүп, көрсөтүлгөн үлгү, образецтерди аткарышат. Этаптык аттестациядан өтпөгөн окуучу бүтүрүүчү экзамендерге киргизилбейт жана кайра тапшырбаса, окууну аяктай албайт (этаптык аттестация протоколу тиркелет). Окууну аяктаганда өздөрүнүн дипломдук иштерин жакташат.<br>Үчүнчү тарап, иш менен камсыз кылуучу ишкана жетекчилер билим сапатын текшерүү үчүн, бүтүрүүчү мамлекеттик квалификациялык экзамендерге катышат жана дипломдук иштерин текшерип, көрө алат. График боюнча тайпалар өндүрүштүк практикага жергиликтүү иш берүүчүлөр менен келишим түзүлүп, ошол ишканага жиберилет.<br>Окуу процессинин жүрүшүндө темасында тарбиялык сааттар жумасына бир жолу өткөрүлөт.Ар бир жетекчи тарбиялык сабактардын жылдык планын түзүшкөн ошонун негизинде иш алып барат. | тизмеси тиркелет<br>**39- тиркеме** |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | Окуу жайда педагогикалык кенеш жогоруда айтылгандай окуу программасын бекитип, анын аткаруу процессин көзөмөлдөйт. Бул билим сапатынын денгээлин котоорууга жардам берет. Камкордук кенеш окуу жайдын МТБсын чындоого, сырткы донорлорду тартып, иш алып барууга көмөк берет. Мисалы, АБР банкынан бөлүнгөн проекттик транштар, ошол проект аркылуу келген окуу каражаттарын айтып кетсек болот. Райондук калкты жумуш менен камсыз кылуу борбору менен иш жүргүзүлөт . | |
| 1.4 | Билим берүү уюмунун кызматкерлеринин, окуучуларынын жана социалдык өнөктөштөрүнүн жүрүм-турумунун бекитилген этикалык стандарттарынын болушу | Окуу жайда окуу жылынын башында өткөрүлгөн профсоюздук чогулушта этика комиссиясынын курамы бекитилген .Этика комиссиясына көпчүлүктүн добушу менен төмөндөгү кызматкерлер көрсөтүлгөн<br>Төрайым : Качибеков Э А<br>Мүчөлөрүнө: Кыркпаева С<br>Дуйшенбиева К<br>Камчибек уулу Анарбай<br>Кайкеева Роза<br>Алпышева К<br>бир добуштан көрсөтүлүп шайланышты.Этика комиссиясы жалпы жамааттын этикасын карап коллективди ынтымакка чакырып келишүүдө.Окуучулардын этикасына класс жетекчилер ,устаттар жооптуу окуучулардын ар бири менен жеке иш алып барылат.Чектен чыккан этикалык көрүнүштөр катталган жок. | -Этика комиссиясынын курамын бекитүү жөнүндө профсоюздук чогулуштун токтому; **22- тиркеме**<br>-Этика комиссиясынын жобосу<br>**11-тиркеме** |
| **Бүтүм:** Жогоруда көрсөтүлгөн минималдык талаптарга жооп берет<br>**Сунуш:**Интернет тармактарын келечекте кенири колдонуу .Мугалимдердин жаны технологияларды ,жаны методикалык китептерди колдонуу менен иштөөсүнө шарт түзүү | | | |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | | |
| **2. Билим берүү программасынын мазмуну жана окуу методикалык камсыздалышы** | | | |
| | | | |
| 2.1 | Окуу планынын жана программалардын билим берүү стандартынын , базистик окуу планынын талаптарына жана кызыктар тараптардын керектөөлөрунө ылайык келүүсү | №13 кесиптик лицейде аккредитацияланып жаткан кесиптик билим берүү менен орто билим алуучу айкалышкан окуу программалары колдонулат.Окуу пландын Моделинин негизинде тармактык багыттар боюнча типтүү окуу пландары иштелип чыгат. Типтүү окуу планы башталгыч кесиптик билим берүү башкармалыгынын 16.08.2019-жылы бекитилген буйругу боюнча иштелип чыккан. Ар бир курска типтүү планы бекитилген мөөнөттөн баштап 3 жылга жарактуу болот. Лицейдин ичинде ошол пландын негизинде колдонулушуна ылайыктуу болуш үчүн жумушчу план иштелип чыгат. Ал жумушчу планда сааттар сабактардын жүгүртмөсүнө ылайык бөлүнөт, саат бөлүнгөндө окуучуларга бир күндө физикалык жүктөм нормасы эске алынат №13 кесиптик лицейде жумушчу иш план ар бир окуу жылында №1 педагогикалык кенешмеде каралып бекитилет.<br>Аккредитацияга көрсөтүлүп жаткан,билим берүү уюмунун миссиясы менен дал келген жана стандарттарынын талаптарына ылайык жалпы билим берүү боюнча базистик планда жана типтүү планда көрсотүлгөн сабактар өтүлөт | -Типтүү окуу планы ,**7- тиркеме**<br>-жумушчу иш план жана окуу пландардын тизмеси тиркелет. **9-тиркеме**<br>-Календардык тематикалык пландар тиркелет.**10- тиркеме**<br><br>-Базистик план тиркелет<br>**8- тиркеме** |
| 2.2 | Окуу- методикалык камсыздоонун билим – берүү стандартынын талаптарына жана кызыктар тараптардын керектөөлөрунө | Окуу жай кесиптик окуу жай болгондуктан жалпы билим берүү боюнча предметтик сабактар талапка ылайык так тартипте өткөрүлөт.Стандартка дал | Календардык тематикалык пландар тиркелет.**10- тиркеме** |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | ылайык келүүсү | келет | |
| 2.3 | Жетиштүү маалыматтык ресурстардын (окуучулардын контингентине , анын ичинде окутуу тилдерине карата окуу –методикалык адабияттардын фонду) болушу | Окуу жайда жалпы билим берүү боюнча типтүү пландын негизинде сабактар өтүлөт , бирок жалпы билим берүү предметтери боюнча китептер , адабияттар жетишерлик деңгээлде .Окуучулар жана мугалимдер үчүн электрондук китепкана уюштурулган . | Жалпы билим берүү боюнча китептердин тизмеси тиркелет. |

| | | | |
|---|---|---|---|
| 2.4 | Билим берүү программасынын жана окуу-методикалык камсыздоонун мазмунун жакшыртуу максатында кызыкдар тараптардын күтүүлөрүн , керектөөлөрүн жана канаттануусун мезгилдүү баалоонун жана маалыматтык коопсуздукту камсыздоонун колдонуудагы механизиминин болушу. | Окуучулардан ар бир предмет боюнча квартал сайын билим сапатыны мониторинги жүргүзүлөт .Бардык курстардын жетишүүсү,бүтүрүүсү боюнча мугалимдердин педогогикалык ,өндүрүштүк кенешмелеринде талкуу жүргүзүлөт .Окуучулардын акыл эмгегин ,жөндөмун ,биологиялык жана физикалык жактан өсүүсүн эске алуу менен типтүү окуу планынын негизинде окуу жүктөмдөрү бөлүштүрүлгөн.окуу жайда окуган окуучулардын ата-энелери менен иш алып барылып ата-энелерге окуучулрдын жетишуусу боюнча маалыматтар берилип турат.Окуучулардын бүтүрүүсү боюнча айтсак , мамлекеттик жыйынтыктоочу аттестациясына киргизүүнүн буйругу жана тапшыруунун негизинде көзөмөлдөнөт.<br>Билим беруу программаларын иштеп чыгуу, бекитуу, байкоо жургузуу жана мезгили менен баалоо бир жылда 2 жолу жүргүзүлүп турат. Баалоонун жүрүшүнө администрация жана предметтик мугалимдер,ар бир тайпанын бекитилген класс жетекчилери анализ жургузот. Окуучулардын ата-энелери баланын билим сапаты тууралуу маалыматты каалаган убагында окуу жайдан келип ала алышат. | -Окуу жайда окуган окуучулардын билим сапатынын мониторинги тиркелет.**23-тиркеме**<br>-Ар бир предмет боюнча мугалимдердин баалоо критерийлери тиркелет.<br>**24- тиркеме**<br><br>-Ата –энелер чогулушунун протоколу тиркелет.<br>**15- тиркеме**<br>-Ата энелерден алынган анкетанын анализи тиркелет<br>**13- тиркеме**<br><br>-Мониторинг тиркелет **23-тиркеме**<br>-Ата-энелер чогулушунун протоколу тиркелет **15-тиркеме**<br>- Баалоо критерийлери жүктөлөт **24-тиркеме**<br><br>-Окуу жайдын жакшыртуу планы тиркелет **27-тиркеме** |
| **Бүтүмдөр:** минималдык талаптарга жооп берет.<br>**Сунуш**:окуу пландарын, окуу принциптерин практикалык иш чараларды, ата-энелер жана окуучулар менен кеңири талкууга алуу .Ошондой эле мугалимдердин квалификациясын жогорулатуу максатында кенири иш жүргүзүү. | | | |

| 3. Компетенттүү окутууну ишке ашыруу жана окуучулардын жетишкендиктерин баалоо | | | |
|---|---|---|---|
| 3.1. | Окутуунун пландаштырылган максаттарынын болушу. | . Окуу жайда жалпы билим берүүдө окутуунун актуалдуу инновациялык ыкмалары иш жузуно кенири колдонуу зарылчылыгы келип чыгууда. Окутуу процессинде окуучулардын реалдуу мумкунчулугуно ылайык калыптандыруу, жогорку даражада уюштуруу эн өзөктүү маселе болуп саналат. Ошондуктан жалпы билим берүүдө сабакка балдарды кызыктыруу учун ар кандай окутуунун жаны ыкмалар колдонуу зарыл<br>1. Билим беруунун интерактивдуу методдору ж.б<br>2. Жалпы билим берүүнүн методдорунун жанычылдыгы<br>3. Ар бир сабактын озгочолонуп отулуусу<br>Жалпы билим берүүдө окутуунун методдорунун моделинде төмөнкүлөр көрсөтүлгөн.<br>1. Сабактын максатын туура коюп,аны иш жүзүнө ашыруу ,өтүлгон темалар боюнча толуктай түшүнүк бере билүү<br>2. Балдардын иш аракетин, колдонулуучу ыкмаларды ар тараптуу изденуу менен аткаруу<br>3. Максатка жетуу учун мугалимдер менен балдардын ортосундагы байланыш жана ар бир өтүлгөн темадан жыйынтык чыгаруу.<br>Демек, билим беруунун формаларын жана технологиясын баалоо жана түзөтүү үчүн окуучулар менен мугалимдер үзгүлтүксүз өз ара байланышта болуусу зарыл. Окутуунун жыйынтыгында методдор төмөнкүдөй | -Сабактын планы **28-тиркеме**<br>-Окуучулардан алынган тесттер тиркелет.48-тиркеме<br>-Метод кенешменин протоколу тиркелет **17-тиркеме** |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | классификацияланат.<br>1.Жаны материалдарды берүүнүн, аны кабыл алуунун методдору.<br>2.Стимулдаштырып окутуу методу.<br>3.Окуучулардан алган тесттердин жыйынтыгы.<br>4.Оз алдынча иштерди уюштуруу<br>5.Программаланган метод<br>6.Текшеруу методдору<br>7.Формативдик баалоо<br>8.Интерактивдүү методдор<br>Мугалимдер ,жаш мугалимдер методикалык кенешмеде өз алдынча талкууларды жүргүзүшүп тажырыйба алмашууда. | |
| 3.2. | Окутуу- тарбиялоо процессинде инновациялык технологияларды жана методдорду колдонуу | Окуу жайда окутуучулар колдонгон жаны инновациялык техналогиялар :<br>- Кампьютер ,интернет<br>- - проектор менен слайд көрөтүп ,маалымат бере алышат<br>Интернеттен маалымат алып ,маалыматты окуучуларга кенири тушүндүрө алышат.Сабактарда дилбаян,тестирлөө ,эссе ж.б жаздыруу менен окуучулардын билим денгээли аныкталып турат Ошондой эле мугалимдер инновациялык технологияларды пайдаланып сабак өтүп жатышат .Окуу жайда ал үчүн шарттар түзүлгөн. | -Тесттер тиркелет **48-тиркеме**<br>-Дил баян тиркелет. |
| | Коомчулукту жана социалдык долбоорлорду тартуу менен окутуу жана тарбиялоо процессине инновациялык технологияларды киргизүү | Окуу жайда билим берүү жана тарбиялоо процессине<br>азыркы учурда жаны ыкмаларды колдонуу менен сабак өтүү жакшы өзгөрүүлөрдү алып | -2020-2021-окуу жылында окуу-тарбия иштериндеги инновациялык технологиялардын тизмеси: |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | келүүдө.Жаны интерактивдүү метод менен сабак өтүүдө инновациялык технологияларды колдонуу жана пайдалануу жолго коюлган. Мугалимдер өз сабактарында материалдарды проектор аркылуу окуучуларга көрсөтүп жана окуучуларга берилген тапшырманы да интернет булактарынан табуу мугалимдер үчүн жакшы шарт болууда.окуу жай интернеттен алынган каражаттарды,маалыматтарды .проектор аркылуу колдонушууда .Ал эми интерактивдүү доска алуу окуу жайда жакынкы күндөргө пландалууда. | 1.Компьютер<br>2.Ноутбук<br>3.Проектор<br>**29-тиркеме** |
| 3.3 | Окутууну баалоодо жана корректировкалоодо кайтарым байланыш механизминин болушу | .<br>Календардык тематикалык пландын негизинде , муголим кышкы семестрди жыйынтыктоодо ,жана ар бир квартал сайын ,жылдын аягында окуучулардын өтүлгөн темалар боюнча билим денгээлин билуу максатында текшерүүнүн түрлөрү жүргүзөт.Алынган иштердин жыйынтыгын баалоо критерийлерин эске алуусу менен окуучуларга тааныштырып ,айрым окуучулар менен жекече иштөөсү туура келет. Ошондой эле орустил ,кыргызтил ,математика сабактарынан жат жазуу жана текшерүү иш алынат.Ал эми оозеки сабактардан тесттер , рефераттар алынып турат Предметтик ачык сабактар ,тарбиялык ачык сабактар,сабактан тышкаркы иштер өтүлүп ,ал үчүн мугалимдерге анализ жана сунуштама айтылып турат | -Сабакка анализ берилген сунуштаманын көчүрмөсү тиркелет. **21-тиркеме**<br>-Тарбиялык ачык сабактын планы тиркелет **30- тиркеме**<br>-предметтик ачык сабактын планы **28-тиркеме** |
| 3.4. | Билим берүү стандартынын талаптарына ылайык окуудагы жетишкендиктерди баалоонун обьективдүү жана ачык айкын системасынын болушу | Окуучуга билим берүүдө баалоо берилген билимдин канчалык денгээлде берилип жаткандыгынын көрсөткүчү болот. Окутуучулар өз баалоонунар түрдүү методдорун пайдаланат. Баалоодо негизги талаптар аткарылып, баалоонун | -Баалоонун түрлөрү боюнча тест , жат жазуулар тиркелет.**48-тиркеме** |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | объективдүүлүгү сакталат. Сабакты баалоодо мугалим диагноздоочу баалоо,калыптандыруучу баалоо,суммативдик баалоо,фармативдик баалоо боюнча иш жүргүзүшөт | |
| 3.5 | Окуучуларга баалоонун колдонулуучу эрежелери , жол-жоболору жана жыйынтыктары ,ошондой эле аларды кайра кароонун жол- жоболору жөнүндө маалымдоо системасынын болушу | Баалоонун жыйынтыгы боюнча аппеляциялоо Кыргыз Республикасынын Билим Берүү жана илим министрлиги тарабынан бекитилген жыйынтык жоболордун негизинде жалпы эрежеге ылайык жүргүзүлөт | -Баалоонун жыйынтыгын аппеляциялоо боюнча Жобо тиркелет **11-тиркеме** |
| 3.6. | Коопсуз ,өнүктүрүүчү жана психологиялык жактан ыңгайлуу билим берүү чөйрөсүн камсыздоо , билим берүү процессинде ден соолукту сактоочу ыкмаларды колдонуу | Окуу жайда окуучуларды кызыктаруу максатында атайын иш чаралар өткөрүлүп турат.Тарбиялык иш чаралар ошондой эле ден соолукту чыңдоо максатында аскерге чейинки даярдык боюнча жана дене тарбия сабагынан волейбол, футбол,теннис,ордо ,курөш боюнча кружоктор, спортокиадалар өткөрүлөт.<br>Спорттук мелдештер боюнча Талас областык денгээлде төмөндөгүдөй жетишкендиктер бар:<br>Спартакиадага катышып ордо боюнча спортук мелдеште үчүнү орунду камсыз кылышты, . волейбол боюнча экинчи орунду ээлешти.окуу жайдайда окуган окуучулардын ден соолугун көзөмөлгө алуу максатында Жоон-Дөбө айылында жайгашкан үй бүлөлүк дарыгерлер тобу менен окуу жайдын ортосунда келишим түзүлүп, окуучулар толуктай ден соолуктары көзөмөлгө алынып турат | -ҮДП менен түзүлгөн келишим тиркелет **-44-тиркеме** |

| | | | |
|---|---|---|---|
| 3.7. | Ички жана тышкы баалоонун , системалуу мониторинг жүргүзүүнүн жыйынтыгы боюнча окуучулардын натыйжаларынын динамикасы | Окуучулардын билим денгээлин жана коомдук иштерге активдүү катышкандыгы үчүн окуу жайда атайын ардак такталар уюштурулат.Ал үчүн класс жетекилер предметтик мугалим жана администрация көрсөтмө беришет Метод.кенешмеде талкууланат. Ал эми окуучунун билим денгээлинин аныктоо үчүн экзамен, зачет, тестирлөө боюнча атайын маалымат , консультация берилет. Маалымат берүү үчүн окуу жайда дубал газета, стенд, сайт, буклеттер пайдаланылат. | -Сүрөттөр тиркелет **25- тиркеме** |
| **Бүтүмдөр:** Окуу жай ушул минималдык талаптарга жооп берет**.** <br> **Сунуштар**:Билим берүү сапатын баалоодо мугалимдердин билимин жогорулатып туруусуна шарт түзүү. | | | |
| **4.Кадрдык саясаттын эффективдүүлүгү** | | | |

| | | | |
|---|---|---|---|
| 4.1 | Педагогикалык персоналдын квалификациясынын жана билиминин билим берүү программасына шайкеш келүүсү | Штаттык бирдик инженердик-педагогикалык кызматкерлер менен 100% камсыздандырылды.<br>Учурда окуу жайыбыздын кызматкерлеринин жалпы саны 54 гө жетип ,анын ичинен педогогикалык жамаат 27 кызматкерден турат, 12 жогорку билимдүү болуп саналат 9 устат,18 мугалим бар.Жалпы билим берүү предметтеринен сабак берген мугалимдер өз билимин жакшы билген кесипкөй мугалимдер эмгектенет . | -Эмгек келишими. тиркелет<br>**37-тиркеме**<br>-Окуу жайдын педагогикалык курамы жөнүндө маалымат тиркелет **38- тиркеме**<br>-Кызматтык милдеттер боюнча чыгарылган буйруктун көчүрмөсү тиркелет.**51-тиркеме** |
| 4.2 | Физикалык жана психологиялык коопсуз чөйрөнү , ошондой эле билим берүү процессинин катышуучуларынын өз ара мамилелерин баалоону , анын жыйынтыгы боюнча  чечимдерди кабыл алууну камсыздоочу механизмдин жана жол жоболордун болушу | Окуу жайда иштеген инженердик-педагогикалык курамдын ,чарба кызматкерлеринин арасында дайыма сый мамиледе болуу үчүн аракеттер көрүлүп турат . Окуу жайда этикалык комиссия түзүлгөн. Профсоюз уюму дагы өз ишин мыкты жүргүзүшөт | -Этика кодекс тиркелет<br>**20-тиркеме**<br>-Этика комиссиясын бекитилген буйруктун протоколу тиркелет<br>**22- тиркеме** |
| 4.3. | Педагогикалык кадрларды  үзгүлтүксүз кесиптик өнүктүрүү , алардын квалификациясын жогорулатуу жана мативациялоо системасынын болушу. | . Билим берүүдө окутуучулар атайын квалификациясын жогорулатуу боюнча окуулар га катышып турушат<br>Жана окуу жайда ар бир кесип боюнча жана жалпы билим беруу боюнча  методикалык журналдар келип турат .Республикалык илимий методикалык борбору тарабынан окутуучулардын квалификациялык билимин жогорулатуу үчүн төмөндөгүдөй иш чаралар өтүлүп турат:<br>- Методикалык иштер<br>- Кыска мөөнөттөгү тренинг ,семинар | -Окуу жайдын стратегиялык планы тиркелет **6-тиркеме**<br>-Чеберчилигин жогорулатуу курсунан өткөн мугалимдер жөнүндө маалымат тиркелет<br>**39-тиркеме** |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | ,конференциялар<br>Окуу жайдын пед.кызматкерлеринин потенциялык жогорулатуу окуу жайдын өнүгүү планынын 3 өнүгүү максатында камтылган<br>Квалификациясын жогорулатууга барып келген мугалимдердин тизмеси<br>1.Сейитова Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин алдындагы Республикалык педагогикалык кызматкерлердин квалификациясын жогорулатуу жана кайра даярдоо институтундагы К.Базарбаев атындагы Чүй ьилим берүү институтунан Кыргыз тили жана адабиятынын теориясы жана методикасы боюнча 2021-жылы 1-сентябрынан 18- сентябрга чейин 72 сааттык кыска мөөнөттүү курсунан өттү.<br>2.Давлеталиева Р.Т Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин алдындагы Республикалык педагогикалык кызматкерлердин квалификациясын жогорулатуу жана кайра даярдоо институтундагы К.Базарбаев атындагы Чүй ьилим берүү институтунан Географияны окутуунун теориясы жана методикасы боюнча 2021-жылы 1-сентябрынан 18-сентябрга чейин 72 сааттык кыска мөөнөттүү курсунан өттү.<br>3. Арыкбаева Р.Ш Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин алдындагы Республикалык педагогикалык кызматкерлердин квалификациясын жогорулатуу жана кайра даярдоо институтундагы К.Базарбаев атындагы Чүй билим берүү институтунан Тарыхты окутуунун теориясы жана методикасы боюнча 2021-жылы 1-сентябрынан 18- сентябрга чейин 72 | Квалификациясын жогорулаткан мугалимдердин сертификаттары тиркелет<br>**39-тиркеме** |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | саattык кыска мөөнөттүү курсунан өттү.<br>4.Субанбеков А А Республикалык илимий – методикалык борборунан Аскерге чейинки даярдык сабагы боюнча 2021 –жылы ноябрь айында квалификациясын жогорулатып келди. | |
| **Бүтүм:Окуу жай ушул минималдык талаптарга жооп берет.**<br>**Сунуштар:Инженер –педогогикалык кызматкерлердин окуу пландарын заманбап технологиясына жараша жаныртуу.** | | | |
| **6. Материалдык-техникалык база** | | | |
| 5.1 | Билим берүүнүн працессинин катышуучуларына , анын ичинде ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген адамдарга жеткиликтүү болгон окуу имараттарынын жана материалдык ресурстардын (жабылган окуу класстары ,лабороториялар, компьютердик класстар , спорт зал )болушу. | Окуу жай типтуу формада салынган .Окуучулар үчүн атайын кесиптер , спорттук ийримдер , секциялар уюштурулуп , ар-кандай маанилуу даталарда маданий иш-чаралар өткөрүлүп турат. Китепканада китептер жетиштүү, окуу залы бар. Компьютердик класстар бар, Кыргыз тил кабинети,Орус тили кабинети,Математика кабинети , Биология кабинети, География кабинети бар , талапка ылайык жооп берет. Спорт зал бар. Окуу имаратына , жана жатаканга кирүү үчүн пандустар курулган. | -Окуу жайдын материалдык-техникалык базасы тууралуу маалымат<br>Тиркелет **40-тиркеме** |
| 5.2 | Билим берүү чөйрөсүнүн коопсуздугунун талаптарын сактоо (экологиялык , санитардык –эпидемиялогиялык жана гигиеналык эрежелер жана ченемдер , өрткө каршы коопсуздук , эмгекти коргоо жана коопсуздук | Окуу жайдын имараты 450 окуучуга ылайыкталган .Окуу корпусу 2 корпустан турат<br>Кара Буура району боюнча өзгөчө кырдаалдар бөлүмү жана Кара Буура районунун орууларды алдын алуу жана санитардык эпидемиологиялык | -Тех.паспорт **41-тиркеме**<br>-Өрт коопсуздугу боюнча –корутунду **42-тиркеме**<br>-Санитардык-эпидемиологиялык |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | техникасынын эрежелери) | көзөмөлдөө борбору тарабынын текшерүү жүргүзүлүп имаратта иштөөгө уруксат берилген.Өрт коопсуздугунун алдын алуу боюнча мугалимдерге жана тех .кызматкелерге жылына эки жолу ,ал эми окуучуларга бир жолу нускамалар өткөрүлөт.<br>Бардык имараттар өрт коопсуздугунун шаймандары менен жабдылган, ар бир корпуста эвакуациялык схема, плакат, щит илинген. | текшерүүнүн АКТысы тиркелет.**43-тиркеме** |
| 5.3 | Материалдык –техникалык базаны жана маалыматтык ресурстарды жакшыртуу боюнча ишти топтоо , баалоо , талдоо жана пландоо механизиминин болушу механизминин болушу. | Окуу жайга Азия онуктуруу банкынан жатакана учун 2012-жылы 622800сомго кроваттар ,матрстар ,стол ,стулдар келген (тиркеме тиркелет)<br>2015-жылы билим беруу жаатына 5 кампютер ,2 ноутбук,2 ксерокс,2даана видеорегистратор,2даана ноутбук сумкасы ,2даана мультируль,мугалим столу 5 даана,окуу парта столдор 125 комплек,окуу болмолору учун 10 шкаф. Жалпы суммасы:1.500 000 сом .(тиркеме тиркелет)<br>Азия онуктуруу банкынан 13 даана компютер стол стулдары менен келген.жалпы суммасы:627.166сом 25 т келген<br>Окуу жайда ар бир предметтик бөлмөлөргө инвентаризация жүргүзүлүп мугалимдерге бекитилип берилген . | -Стратегиялык план;<br>**6-тиркеме**<br>-Материалдык-техникалык базаны чыңдоо үчүн чарба иштери боюнча директордун орун басарынын жылдык иш планы тиркелет.<br>**18-тиркеме** |
| **Бүтүм:Окуу жай ушул минималдык талаптарга жооп берет.**<br>**Сунуштар:Окуу жайдын материалдык техникалык базасын чыңдоо үчүн бизнес пландарды түзүү .** | | | |
| **7. Маалыматты башкаруу жана аны коомчулукка жеткирүү** | | | |
| 6.1 | Калкты билим берүү программасын ишке ашыруу боюнча иш-чаралар жөнүндө тиешелүү маалымат менен камсыз кылуу үчүн | №13 кесиптик лицей коомчулукка маалымат беруу үчүн райондук “Кара -Буура кабарлары”, “Талас турмушу”, “Айыл деми”, “Кесипке | -Окуу жайдын маалымат берилген газеталардын көчүрмөсү тиркелет |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | билим берүү уюмунун портфолиосу, эрежелердин жана жол жоболордун , формалардын жана талаптардын болушу | багыт”газетасына жарыяланат.Талас областык теле берүүгө 7 мүнөттүк көрсөтүү берилген. окуучулардын билим алуудагы түрдүү жетишкендиктери жөнүндө ата-энелерге устаттары,класс жетекчилери аркылуу жеткирилип,билдирилип турат. Окуучулардын жетишкендиктери ата-энелер чогулушунда айтылып маалымат берилет. | **46-тиркеме** –<br>Айыл Деми газетасы тиркелет |
| 6.2 | Билим берүүнү башкаруунун маалыматтык системасынын болушу (билим берүү мекемесинин өзүнүн максатын пландаштыруу жана ишке ашыруу үчүн маалыматты чогултуу, системалаштыруу, жалпылоо жана сактоо):<br>- окуу жайдын контингенти тууралуу маалымат;<br>- сабакка катышуу окуудагы жетишкендиктер , окуучулардын жетишкендиктери жана окуудан чыгарылгандыгы жөнүндө маалымат; ийгиликтери жана окуудан чыгаруу тууралуу маалымат;<br>- окуучулардын ,алардын ата-энелеринин билим берүү программаларын ишке ашырууга жана натыйжаларына канаттануусу;<br>- материалдык жана маалыматтык ресурстардын болушу;<br>- олимпиадаларга ,долбоордук сынактарга , спорттук мелдештерге катышуунун жыйынтыктары;<br>- билим берүү уюмунун ишинин негизги көрсөткүчтөрү | Жогоруда көрсөтүлгөн талаптар ИСУО програмасына киргизилип, директордун орун басары тарабынан толук иш алып барылат.Өзүнүн билим берүү максатын пландаштыруу жана ишке ашыруу үчүн билим берүү жөнүндө узгултүксүз маалыматтарды жеткирүүнүн негизинде коомчулуктун мектеп ишмердүүлүгү,анын ичинде миссиясы ,окутуунун жыйынтыктары ,окутуунун формалары жана каражаттары ,баалоо процедуралары боюнча ата-энелерге маалымат берилет. Окуучулар сабакка катышып , ийгилик жараткан учурда окуу жайдын атынан “Ардак граммоталар тапшырылып турат. Ал эми сабакка келбеген окуучулар менен өндүрүштүк окуунун устаттары , класс жетекчилери иш алып барып турушат , тап такыр келбеген окуулардан окуудан чыгаруу жөнүндө арыз алынып , арыздын негизинде окуудан чыгарылат. Ошондой эле окуу жайдагы аткарылган тарбиялык иштер жана иш чаралар боюнча Башталгыч кесиптик билим берүү башкармалыгына маалымат берилип турат.Окуу жана билим берүүнүн сапаты боюнча дагы Башталгыч кесиптик билим берүү башкармалыгына маалымат берилип турат. | -Окуу жайдагы тарбиялык иш чаралар боюнча сүрөттөр тиркелет<br>**48-тиркеме**<br><br>-Директордун окуу, тарбия иштери боюнча орун басарынын ОӨМИбоюнча орун басардын маалыматтары тиркелет<br>**47тиркеме** |
| 6.3 | Билим берүү уюму тарабынан өз | . Билим беруу уюмунун озунун иши жонундо | Окуу жай тууралуу |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | ишмердүүлүгү жөнүндө калкты үзгүлтүксүз маалымат менен камсыз кылуу үчүн маалыматтык ресурстардын (веб-сайт , электрондук почта , телефондук жана факсимилдик байланыш , гезиттер )болушу анын ичинде<br>-миссия;;<br>- билим берүүнүн максаттарын;<br>- окутуунун күтүлгөн натыйжалары;<br>- окутуунун жана окутуунун формалары жана каражаттарын;<br>- баалоо процедуралары;<br>-окуучулардын окуу жетишкендиктери боюнча жалпы улуттук тестирлөөнүн жана изилдөөлөрдүн натыйжалары | маалыматты коомчулукка, Кара Буура району боюнча 26 мектеп бар ошол мектептерге мугалим устаттар профариентация иштерин жүргүзүшөт .Ал кесипке даярдык көрүү үчүн түзүлгөн атайын иш чаранын негизинде ,ошондой эле азыркы күндө “Айыл деми”, райондук“Кара-Буура” жана “Кесипке багыт”газеталарына окуу жай жөүндө маалыматтарды чыгардык.ж.б газета журналдар аркылуу билдиребиз. №13 кесиптик лицейдин миссиясы:Учурдун жана эмгек рыногунун талаптарына жооп берген эл аралык улуттук стандартка дал келген инновациялык жогорку квалификациялуу жумушчу кадрларды даярдоо .о .э .билим беруунун жаны ыкмаларын колдонуу аркылуу билим сапатын 20% жогорулатуу менен контингентти 1,5 эсеге көбөйтүү. Окутуунун күтүлүүчү натыйжаларын билим сапаты жогорулайт, МТБ жанырат, лицейдин имиджи жогорулайт, донорлорду тартуучу жумушчу группа түзүлөт., камкордук кенеш өз функцияларын кенейтип, иш алып барат. Жылдык бүтүрүүчү квалификациялык экзамен түзүлгөн графиктин негизинде өтүлөт. | афишалар тиркелет<br>**50- тиркеме** |
| **Бүтүм:Окуу жай ушул минималдык талаптарга жооп берет.**<br>**Сунуштар:Социалдык тармактарга лицей тууралуу кенири маалыматты жайылтуу.** | | | |

**Корутундусу**

№13 кесиптик лицейдин өзүн өзү баалоосу лицей минималдык талаптардын 6 пунктусу боюнча жооп берет.  өзү баалоодо толтурулган документтерди «Сапаттуу билим» аккрдитациялоо агенттигине сырткы баалоого тийиштүү документтер менен толукталып жөнөтүлдү**.**